# «МАНАС» ЭПОСУ – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АДЕПТИК-ЫЙМАНДЫК РУХАНИЙ АСЫЛ КЕНЧИ

**Кадыралиева К.**
*Кадыралиева Кенжеке – С.Нааматов атындагы НМУнун Мугалимдердин билимин жогорулатуу борбору, Нарын ш.*

***Аннотация*** *Макалада кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу «Манас» баянынын баалуулуктары дүйнөлүк мааниде теңдешсиз чыгарма экендиги, адам тарбиялоодогу жан дүйнө азыгы катары ойлор берилди.*

***Түйүндүү сөздөр*** *Адеп, айкөл, асыл-нарк, өрнөк, улуу, баалуулуктар, сыймык, салт, көркөм, тарбия, эл, мурас.*

***Аннотация*** *Эпос «Манас», являющийся вершиной устного народного творчества кыргызского народа, представлен своими ценностями как образец несравненного произведения мировой литературы, как кладезь нравственности в деле воспитания человека.*

***Ключевые слова*** *Нравственность, великодушие, благородство, наследие, великий, ценности, гордость, обычай, художественный, воспитание, народ, наследство.*

«Манас» эпосу – кыргыз элинин руханий байлыгы. «Манас» кыргыз элинин улуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыз өз табылгаларын бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарган, ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап келе жаткан улуу мурасы.

Жанрдык белгилери жактан «Манас» баатырдык эпоско жатат. Бирок, анын камтыган мазмуну, берген маалыматы алда канча терең жана кеңири, руханий, адептик-ыймандык жана пат-

риоттук улуу өрнөктөрү менен ата-журтубуздун асыл кенчи жана тиреги. Эпосто элдин үрп-адатынан тартып, кылымдар бою жашосундагы калыптанган салттары, тиричилиги, көрүнүктүү окуялары, жашоо, жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрү, ар түрдүү ишенимдери чагылдырылган. «Манастын» мазмунунда элдин тарыхындагы түрдүү ишенимдери чагылдырылган. «Манастын» мазмунунан биз элдин санжырасын, эл тагдырынын түрдүү учурларын көрө алабыз. Академик Ч.Валиханов «Манасты» бекеринен «Кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы» деп атабаса керек. Эл арасында «Манастын» кадыр-баркынын далилдери катары буларды айтууга болот: бул эпостун материалдарына кыргыздар кылымдар бою көркөм чыгарма катары эмес, болгон чындык катары мамиле кылышкан. Андагы айтылган ар бир маалыматка тарыхый факт катары ишенишкен. Узак убакыттар бою эр азаматтар Манастын аты менен жоого киришкен. Баяндагы баш каармандардын иштеген иштеринен таалим-тарбия алышкан. Кыргыз жергесиндеги учураган белгилүү, кооз ар бир нерсе Манастын аты менен же ошол баяндагы окуяларга байланышкан.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы өзгөчө бай экендиги фольклордук чыгармада кеңири маалым. Ошол бай материалдардын ичинде баатырдык эпостор көрүнүктүү орунду ээлейт. Кыргыз элинин биринчи болуп кагаз бетине түшүрүлгөн көркөм чыгармасы да «басмадан биринчи которулганы да ушул «Манас». Кыргыздар эл алдындагы улуттун сыймыгы катары биринчи «Манасты» аташат. «Манас» эпосубуз дүйнөлүк аренада көлөм жагынан гана бөтөнчөлөнбөстөн, ошону менен бирге өзүнүн түбү терең дайрадай орошон мазмуну, оболонгон бийик ойлору, орчундуу идеялары, омоктуу философиялык нускалары, жалпы адамзаттык деңгээлдеги рухий-ыймандык дөөлөттөрү, гуманисттик кенчтери менен да өзгөчөлөнөт» деп жазат профессор Советбек Байгазиев. Айткандай Манастын шердигин тарыхчы Белек Солтоноев «Кызыл кыргыз тарыхы» деген китебинде: «Кыргыз кандайды баатыр деген? Кыргызда баатыр алты даражага айрылат», деп жазат.

Мына ошол даржанын экөөнө токтолуп көрөлү:

Биринчи. «Октон-чоктон кайтпаган, алды-арты, аз-көбүнө карабастан, жоо миң киши болсо да жалтанбастан тоодон кулаган таштай чимирилип, жалгыз качырып, күндүз, мейли түн болсун, тоо, аң-кемерди көзгө илбестен жоого тийип, жоону кайта-кайта аралап салышып, быт-чытын чыгарып качырат. Же өзү талкаланат. Мындай баатырларды ***«адам шери»*** деп атаган, мындай баатырлар кыргызда боло келген, биринчи баатыр ушул».

Экинчи, «Жоодо жаралуу болуп калса да, маселен, колу сынса мойнуна таңып алып, асып коюп, урушкан. Жарага өтө чыдамдуу болуп көтөргөн, башынан аккан кан көзүн көрсөтпөй каптаса да шыпырып коюп согуша берген. Суусап кетсе, атынын терин жалап жүргөн». Мындай баатырды ***«кара көк жал»*** деген. (Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы, Бишкек,-1993, Учкун,182-бет). Демек, Айкөл Манастын руханий, адептик-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрү – Ата журтубуздун асыл кенчи болуу менен идеясы, адеп-ахлагынын асылдыгы, сөзү менен ишинин биримдигинде болуп, адам тарбиялоодогу ролу чексиз болуп, бардык замандын алкагында, кандай гана коомдук формацияда болбосун баалуу. Ошондой эле Манастын көкөлөтүп турган туусу - достук, Ата-журттун кызыкчылыгын ойлогон хан экендиги, ар-намыстуулугу, боорукердиги, кечиримдүүлүгү жана эл менен болгон биримдиги, кенендиги, кемчилигин моюнга ала билгендиги жана сынчылдыгы, сабаттуулугу, ыймандуулугу бүгүн бизге үлгү, нуска болгон улуу педагогика десек жаңылбайбыз. Манас ата алды жакты, келечекти ойлоп, санааркайт, эртеңки тагдыр жөнүндө толгонуп, убайым чегет:

Менин көзүм өткөндө
Кагылайын калайык
Эл эмине болот дейм?
Тукабадай кулпурган,
Жердеген пенде туйтунган
Жер эмине болот дейм?
Каз-өрдөгүн чуулаткан,
Көл эмине болот дейм?
Тагдырым жетип дүйнөдөн
Ажалым жетип окко учсам,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт,
Калып калса бул элди,
Капа кылбай ким баштайт?!
Долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким аштайт,

Тоорулуп кетсем дүйнөдөн
Аркамда калган бул элди
Тоздурбастан ким баштайт?

деген санаркоосу Манастын улуу патриот экенин өзүнөн-өзү даңазалап турат. Бул журт жөнүндөгү санаа бүгүн кыргыз элине үлгү, өлбөс-өчпөс өрнөк-таалим. Ошентсе да, Манас баатыр - «Тарыхый киши болгонбу, болсо ал качан жашап, өткөн, кандай иштерди кылган», -деген суроолорго азырынча бир жактуу, так жооптор бериле элек.

Мындай суроолорго толук жооп берүү үчүн эпостогу тарыхый окуяларды, мифологиялык түшүнүктөрдү, эпостун тилин, диний ишенимдери, эпостун айтымдарынын арасындагы айырмачылыктарды, каармандардын сүрөттөлүшүн, сюжетин изилдеп, аларды тарыхый окуялар, каармандар, булактар менен байланыштырып, изилдеп чыгуу керек жана келечекте көптөгөн изилдөөлөрдү талап кылат.

Негизги маалыматтарга таянсак:

1. Енисей Орхон доорунда (5-7к.к.) чыгышы жөнүндө (проф.М.О.Ауэзов, А.Н.Бернштам)

2. Алтай доорунда (9-11к.к.) чыккандыгы жөнүндө (проф. А.К.Боровков, проф. И.Л.Климович).

Жакып кан Манас баатырдын жана анын укум-тукумунун эл-жер азаттыгы, биримдиги жана элдердин достук карым-катнашын бекемдөө үчүн күрөшү баяндалган эпикалык дастан. Көлөмү боюнча ага теңдеш дастандар жок. Бул дастан «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кенен», «Алымсарык», «Кулансарык», ж.б. чейин айтышат. «Манас» дастанынын айрым эпизоддору 16-кылымда жазылган «Мажму ат-таварих» чыгармасында айтылат.

Манас баянындагы Каныкей-кыргыз аялзатынын асыл сапаттарын, улуттук мүнөзүн алып жүргөн, гуманисттик маңызы терең образ. «Каныкейге таандык меймандостук, кең пейилдик, боорукердик, алыс-жакынды тең саноо кыргыз элиндеги мурдатан жогору бааланган сапаттардан. Эпосто ар бир адам үчүн да Каныкейдин иштеген иши, акылмандык, жөн билгичтик, сарамжалдуулук ж.б.у.с. мыкты сапаттары - чыныгы идеалдын үлгүсү» (Самар Мусаев).

Кыскасын айтканда, Каныкей жамандыкка, адилетсиздикке, жерде боортоктоп сойлогон рухий бечелдикке каршы козголоңчул багынбас духка эгедер жана жеңип чыгуунун философиясын көтөрүп жүргөн каарман. Улуу ойлорду жана моралдык дөөлөттөрдү аркалаган Каныкейдин образынан улам «Манас» эпосунун идеялык деңгээлин бийикке көтөрүп, анын дүйнөлүк классиканын даражасына чыгарып турган жаркын өбөлгөлөрдүн бири. Кайсы бир акылмандын «Чоң аталардын жана чоң энелердин моралы күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багытталган», деген сөзүнүн анык экендигин Каныкей энебиздин адеп-ахлагы далилдеп турат. Ошол себептен, «Калк энеси-Каныкей, узчулуктун генийи», «Кең көйнөктүн тазасы, зайыпзаттын паашасы» деп бекер аталбай, бүгүнкү муундарыбыз үчүн таалим-тарбиянын өрнөгү демекпиз. Ошону менен бирге «Манас» эпосунун каармандары Алмамбет, Бакай, Кошой, Сыргак, Чубак, Семетей, Сейтек, Күлчоро - өз элине чексиз берилген чыдамкай, тапкыч, мекени үчүн жанын берүүгө даяр чыныгы баатырлар. Алар бул сапаттарын эпостун жүрүшүндө иш жүзүндө көп далилдешет.

Эпостогу окуялар жок жерден ойлоп табылбай, чыныгы турмуштан алынып, кыргыз элинин басып өткөн жолун, ар кандай урууларда куралышын баяндайт. Ага эпостогу төмөндөгү саптар далил:

Акмарал багып уй кылдым
Курама жыйнап эл кылдым

Эпостун сюжети кыргыз элинин турмушунда маанилүү роль ойногон окуяларды чагылдырат. Эпостогу адамдардын табышмактуу ысымдары, шаарлардын, өлкөлөрдүн, элдердин, уруулардын аталыштары да бекеринен эмес.

Мисалы, «Чоң казаттагы», Бээжинге болгон жүрүш - бул 9-кылымдагы кыргыздардын уйгурларды жеңгенин эске салат.

Эгер оозеки элдик чыгармачылыкка тиешелүү окуяларда жана аталыштарда апыртмалардын болушун табигый нерсе катары кабыл алсак, анда эпостогу кээде кытайлар, кээде калмактар деп аталып, кыргыздардын негизги душмандары болгон Алооке, Жолой, Эсенкандар тарыхый булактарда калган чыныгы инсандардын прототиптери болушу мүмкүн. Мисалы: Эсенкан (калмакча өз аты Эсен-тайджи) - чынында эле 15-кылымда жунгар (калмак) кошундарын башкарган; Алооке (калмакча өз аты- Аляку) болсо- 17-кылымда жунгарларды жетектеген; Жолой (өз аты Елюй, бирок көпчүлүк түрк тилдеринде кыргыздын «дж» тыбыштарына «ё» тыбышы туура келгендигин эске алсак» - «Елюй»-Жолой болуп окулат) 10-кылымдын аягында Түндүк Кытайдан келип, кыргыздарды басып алган монгол уруулары кыдандардын (кара-кытайлардын) жетекчиси болбогон.

Эпосто кыргыздар менен достук алакада болуп, душмандарга жана талап-тоноочуларга каршы чогуу чыгып жүргөн көптөгөн уруулар жана элдер да аталат. Алар кыргыздар менен жакшы мамиледе болгон ойроттор, ногойлор, нойгуттар, катагандар, кыпчактар, аргындар, жедигерлер жана башкалар. Булардын баары кийин казак, өзбек, монгол, тажиктер менен аралашып кетишкен.

Эпосто ар түрдүү фантастикалык персонаждар, мисалы, «тоо жылдырган» Мадыкан дөө; жалгыз көздүү Малгун; адамча сүйлөгөн канаттуу аттар; сыйкырдуу окуялар, мисалы Айчүрөктүн аккууга айланышы, Алмамбеттин аба-ырайын өзгөртүшү; гиперболизмдер (күчөтүп айтуучулар) мисалы, сан жеткис аскерлердин 40 күн бою эс албай, тынбай жүрүшү, калыңга деп берилген жүз миңдеген малдын, ага кошуп эсеби жок жапайы айбандардын айдалып келиши, бир эле баатырдын душмандын жүз эле эмес миңдеген жоокерлерин жеңип коюшу ж.б. көп колдонулат. Булардын баары элдин эгемендиги жана боштондугу үчүн жанын аябаган баатыр адамдардын өлбөс - өчпөс көркөм образдарын түзүүнүн көркөм каражаты катары гана кызмат кылат.

Эпостун калган каармандары Манастын образын күчөтүүдө чоң салым кошот. Манастын айкөлдүгүн далилдөөдө анын легендарлуу кырк чоросунун ролу зор. Алардын эң белгилүүлөрү: Кошой менен Бакай сыяктуу акылман аксакалдар жана Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу жаштар. Алар укмуштай күчтүүлүгү жана таймаштагы батырдыгы,чыңалган достугу жана чабыш маалында бир-бирине жардамга келүүлөрү менен айырмаланышат. Чоролору үчүн Манас - идеал, атак жана даңк, аскерий ураан. Алардын ар биринин алмаштыргыс сапаттары бар. Мисалы, Манас-эч кимде жок алп күчтүн ээси жана улуу стратег; Бакай - өзгөчө баатыр, Манастын жакын жана акылман кеңешчиси; Алмамбет ата-теги кытай болгонуна карабастан кыргыз эли үчүн ак дилден чыныгы кызмат кылган, энергиялуу, табияттын сырын билген адаттан тышкары баатыр; Сыргак-күч жагынан Алмабетке тең, чыдамкай жана эпчил баатыр. Ал эми кырк чоро-сан жагынан көп болгон ар кандай душманды талкалоого алы жеткен кошун.

Эпостогу терс каармандар да башкы каармандын артыкчылыктарын белгилөөгө жардам берет. Манастын образына анын негизги душманы, күчтүү, айлакер, ич күйдүлүгү бар Коңурбайдын образы каршы турат. Жолой -айлакерлиги жок, түгөнгүс күчкө ээ, ач көз адам. Аны Кошой гана жөө күрөштө жеңе алган. Манас баянындагы баалуулуктарды санап отурсак өзү чексиз. Ошондуктан, «Манас» эпосунда билим, тарбия, адеп-ахлак тарбиясы келечек муун, орто жаштагы, а балким, карыларыбызга да усулдук каражат бүгүнкү күндө аба-суудай керек.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Ашым Жакыпбек. «Теңири Манас». -Б: Кыргызстан, 1995-ж.
2. Байгазиев Советбек « Манас» эпосунун руханий, адептик философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары: -Б: 2014.
3. Байгазиев Советбек. Улуу Манас батыр – урпактардын патриоттук идеалы. Окуу-тарбия куралы, -Б:2016-ж.


***Рецензент: п.и.к., доцент Ж.Б.Эгимбаева.***